# “МАНАС”ЭПОСУНДАГЫ ЭЛДИК САЛТТУУ ХИРУРГИЯ ЖАНА АНЫН АЙРЫМ МЕТОДДОРУ

**Тентигул кызы Назира**

И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы

Философия жана коомдук илимдер кафедрасы

Бишкек, Кыргыз Республикасы

**Кортунду.** Негизги максаты болуп XIX кылымдын аягындагы XX кылымдын башындагы Кыргыздардын салттуу дарыгерчилигин изилдөө эсептелет. Кыргыздардын илгерки турмушунда элдик хирургия болгонун “Манас” эпосунда жакшы чагылдырылган. Сынган сөөктүү сакайтуу, жөнөкөй операцияларды жасай билүү жана шак-шак, аштар, тинтүүр, шимшүүр сыяктуу жөнөкөй хирургиялык аспаптардын биздин күндөргө чейин келип жетиши мунун далили.

**Негизги сөздөр:** элдик табып, сыныкчы, шак-шак, аштар, тинтүүр, шимшүүр,картык, мумия, кан чыгаруу ж.б.

# НАРОДНАЯ ХИРУРГИЯ И НЕКОТОРЫЕ МЕТОДЫ ЛЕЧЕНИЯ В ЭПОСЕ “МАНАС”

**Тентигул кызы Назира**

Кыргызская государственная медицинская академия им. И.К. Ахунбаева

Кафедра философии и общественных наук

Бишкек, Кыргызская Республика

**Резюме.** Основной целью работы является исследование традиционного лечения кыргызского народа конца XIX – начала XX веков. В эпосе «Манас» ярко отражается народная хирургия. Народные костоправы проводили различные операции на открытые переломы, вывихи, накладывали «гипс». В эпосе «Манас» упоминается такие народные инструменты как «шак-шак”, “аштар”, “тинтүүр”, “шимшүүр”.

**Ключевые слова:** народный целитель, костоправ, «шак-шак”, “аштар”, “тинтүүр”, “шимшүүр”, картык, мумия, кровопускания и.т.д.

# PEOPLE’S SURGERY AND SOME METHODS OF TREATMENTS IN THE EPIC “MANAS”

**Tentigul kyzy Nazir**

I.K. Ahunbaev Kyrgyz State Medical Academy

Department of Philosophy and Social Sciences

Bishkek, the Kyrgyz Republic

**Resume.** The main purpose is to study the traditional treatment of the Kyrgyz people in the late XIX - early XX centuries. In the epic “Manas” it is clearly reflected the people’s surgery. Traditional bone setters carried out various operations on the open fractures, sprains, imposed “plaster”. In the epic “Manas” it is referred to such folk instruments as’ shak-shak “,” Ashtar “,” tintүүr “,” shimshүүr “.

**Keywords:** healer, chiropractor, “shak-shak”, “Ashtar”, “tintүүr”, “shimshүүr” kartyk, mummy, bloodletting, etc.

**“Манас”эпосундагы элдик салттуу хирургия жана анын айрым методдору**

Көчмөн тиричиликтин ар кандай жагдайларында, согуш убагында, о.э. аталган улуттук оюндардын учурунда адамдар колу-бутун чыгарып, белин мертинтип, сөөктөрүн сындырып алышкан да, сыныкчы-табыпка кайрылууга аргасыз болушкан.

Сыныкчы деп сөөктүн муундан чыгып кеткенин жана сөөк сынганда, аны ордуна келтирип, туура таңып, айыра алган дарыгер аталган. Сыныкчылар ички сезими өтө күчтүү адамдар катары айырмаланышып, көпчүлүк учурда, денедеги так ошол сынган жерди сыйпалап, сылап туруп, тууралап келип, катуу тартуу менен тайыган сөөктү ордуна келтиришкен. Ал эми шишикти болсо ар кандай шыпаалуу делген жалбырактар менен жаап, кошо таңышкан. Сынган жерге (колго, же бутка), ошол сөөктүн чучугуна тийбеш керек. Эгер сөөктүн чучугуна тийген болсо, анда ошол жер ириңдеп кеткен. Ириңдеген жерге төөнүн жүнүн эшитип коюп, же жаап, шак-шактап таңып, ириңди сыртка сордуруп чыгарган. Анткени, төөнүн жүнү ириңди ары кетирбей, бери соруп чыга алуу сыяктуу шыпаалуу касиетке ээ.

Сыныкчылар сөөгү сынган, же чыккан адам корсет катары пайдаланган шак-шакты колго жасашкан. Шак-шактын негизи бирдей өлчөмдө, бирдей узундукта кесилип алынган бир нече катуу жыгачтан даярдалып, үзүлбөгөн жип менен 1-2 см интервал сайын өз ара байланыштырылган. Аталган конструкция сөөктүн тез өсүшүнө, же болбосо кынтыксыз бүтүшүнө шарт түзгөн. Сыныктын түрүнө жараша бутка, колго, белге, кабыргага арналып жасалган шак-шактар болот.

Илимий маалыматтарга таянсак, адамдын организминдеги башка ткандарга салыштырганда сөөк тканы бир катар өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Анткени, тирүү сөөктүн тканы сөөккө өзгөчө катуулукту берип турган минералдык туздарга бай келет. Сөөктүн химиялык курамы адамдын жашына, кабыл алган тамак-ашынын мүнөзүнө, адатына жана организмдеги зат алмашуу процессине байланыштуу болот. Ар бир сөөк ар башкача кызмат аткаргандыктан, алардын түзүлүшү да бири биринен кескин айырмаланып турат[1]

Сынык бүтүн сөөктүн бузулушу болуп эсептелет. Сөөктүн сынышы ар кандай оор жаракаттан (травмадан) улам пайда болот. Сөөк сынган мезгилде тери жана булчуң эттер зыянга учурабаса, анда мындай жаракат жабык сынык, ал эми аталган дене мүчөлөрү зыянга учуроо менен коштолгон жаракат ачык сынык деп аталат [2].

Ачык сыныктын түрлөрү**:** сөөктүн түз чорт сынышы, сөөктүн буралып сынышы, сөөктүн кыйгачынан сынышы.

Сыныктын белгилери: сөөктүн нормалдуу түзүлүшү өзгөрүп, тегереги шишип кетет; сынган жер салаңдап, кыймыл жасоого мүмкүн болбой калат; сөөктүн сынган жерин кармап көргөндө, кычыраган дабыш угулуу менен ал жер катуу ооруйт; адамдын тынчын алат.

Элдик табыптар, сыныкчылардын маалыматы боюнча сөөк сынганда биринчи жардам сынган сөөктү кыймылдабагыдай кылып, атайы жука тактай, фанера,

картон ж.б. нерселер менен шак-шактап таңып, жабыр тарткан органга тезинен тынчтык түзүп берүүгө аракеттенүү сыяктуу жөнөкөй «хирургиялык» ыкмалар менен байланыштуу.

«Манаста» жөнөкөй «хирургиялык» ыкмалар жөнүндө кабар бар. “МАНАС” ЭПОСУНДА “ХИРУРГИЯЛЫК” ЫКМАЛАРДЫН СЫПАТТАЛЫШЫ:

Колу-буту сынганын,
Шак-шактарын жонушуп,
Соорунуна шапа-шуп,
Коюп жаткан дагы бар[3].

Кай бир учурда эпосто шак-шактын кандай формада, кайсы жыгачтан жасалышы айтылат:

“Манас” эпосунда шак-шактын формасы жана жыгачы тууралуу :

Буту сынган мунун деп,
Теректерден табышып,
Челек кылып чабышып,
Оюп жүргөнн андан көп [4].

В. И. Кушелевский белгилегендей, «кыргыз табыптары миздүү куралдардан пайда болгон жарааттарды укмуштуудай билгичтик менен дарылашат. Алар мындай жарааттарга ар кандай талаа чөптөрүн басышат»[5]. «Манас» эпосунда да элдик хирургия жана ошого байланышкан жөнөкөй хирургиялык аспаптар, сынган сөөктү айыктыруу ыкмалары тууралуу маалыматтар кеңири кездешет. Кыргыз дарыгери колдонгон аспаптардан эпосто жараны тиле турган скалңпелң формасындагы курч бычак - аштар жөнүндө маалымат кездешет. “Манас” эпосунда аштардын сыпатталышы төмөнкүдөй: **Аштар,** наштар - кыргыздардын элдик медицинасында колдонулган байыркы аспап. Кош миздүү, болоттон жасалган курч бычак. Жоокердик замандагы негизги милдети жараттагы бузук канды чыгаруу болгон. Эпосто аштар денеге сайылып, токтоп калган жебенин сыныгын же окту тилип чыгарып алуу үчүн да колдонулганы айтылат:

Сом этине калды деп,
Чыкпай туруп алды деп,
Аштар алып колуна
Тилип жаткан андан көп[6].

Денеге токтоп калган жебенин сыныгын же окту аштар менен тилип алуу процесси эпосто аштарлоо деп аталат:

Токтогон окту аштарлап, Тилип жаткан андан көп[7].

Денеде калган жаанын огунун ж. б. темир куралдардын сыныгынын канчалык терендикте жатканын билүү үчүн жана да окту ордунан козгоп, копшутуш үчүн колдонулган тинтүүр аттуу жөнөкөй аспап болгондугун “Манас” эпосу күбөлөйт.

Тинтүүр («тинт» деген этиш сөздөн) - элдик медицинада колдонулган аспап. «Манас» эпосунда чагылдырылган тинтүүр көбүнчө уруш-салгылаштардан кийинки эпизоддорду сүрөттөгөндө учурайт. Мисалы, Сагымбай Орозбаковдун вариантында тинтүүр тууралуу төмөнкүдөй маалымат айтылат: Сом жеринде ок бар деп, Тинтүүр менен копшутуп [8]. Тинтүүрдү жараатка салып, адамдын денесине туруп калган жаанын огун, башка куралдардын сыныгын таап, канча тереңдикте жатканын билүү, ордунан копшуу үчүн пайдаланылган. Тинтүүр алтын, күмүш, темир зымдан жана эң эле айла кеткенде табылгыдан да жасалчу деген маалымат бар. Эпосто тинтүүрдүн коргошундан жасалганы эскерилет: Сөөккө жакын ок бар деп, Коргошун тинтүүр салыптыр[9].

Тинтүүр тууралуу эпостогу маалыматтарды археологиялык табылгалар аркылуу бышыктоого болот. Мындай «сырдуу» аспапты 1971-жылы Тувада Хеличин суусунун Эне-Сай дарыясына куйган жеринде археологиялык казуулардын негизинде А. Д. Грач тапкан. Бирок, 1979-жылга чейин бул буюмдун функциясы так аныкталган эмес Муну аныктоодо «Манастын» ж. б. кыргыз эпосторунун материалдары зор жардамын тийгизген. ТУВАДАН ТАБЫЛГАН ТИНТҮҮРДҮН СЫПАТТАЛЫШЫ Бул археологиялык табылга темир зымдан жасалып, сөөк кынга салынган. Болжол менен узундугу 14 -15 *см* келет, зымдын жоондугу - 0,5 *см*. *Өзөгү* (зым) кутудан 1 - 2 *см* чыгып турат. Башы иймек болуп кайрылган. Сөөк кындын сыртында кыргыздын көчөтүнө окшогон оюулар бар. Аталган буюм 9-10-кылымдарда жашаган эне-сайлык кыргыздын мүрзөсүнөн табылган. Бул азыркы кыргыз этносунун эне-сайлык кыргыздар менен байланышы бар экенинин күбөсү болуп эсептелет. Ошону менен катар эле бул аспап байыркы кыргыздарда элдик хирургия өнүккөнүн көрсөтөт.

Сагымбай Орозбаковдун вариантында шимшүүр деген да бир аспаптын аты эскерилет:

Ок жуткуруп окшутуп,
Шимшүүр менен копшошуп,
Сом эттеги октордү,
Тилип жаткан дагы бар[10].

Элдик хирургияда колдонула турган ыкмалар тууралуу «Манас» эпосунда да маалыматтар кездешет. Мисалы, «Мажму ат-таварих» боюнча Манас кансырап, оор абалда калганда Канбай бакадур деген киши согуш майданынан атка мингизип алып чыгып кетет. Аны Каракожо деген адам дарылап, денесинен бир топ жаанын огун чыгарат[11].

«Манастын» ар кандай варианттарында жаанын огун денеден чыгаруу ыкмалары тууралуу учкай түрүндө болсо да кездешет. Мисалы, Сагымбай Орозбаковдун вариантында кытайдын Кулутка деген жоокерине жаанын огу тийгенде төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

Алты илегер барганы
Дары сыйпай салганы.
Сыйпаган болуп дарыны,
Окту тартып алганы.
Тартканында ок чыкты
Окко кошо көк чыкты.
Көк аралаш кан чыкты[12].

Жараттан аккан канды токтотуу ыкмасы. Илимий деңгээлдеги хирургия кыргыз табыптарына тааныш эмес болгон, ал тургай, алар асептика [13]жана антисептика [14] тууралуу эч нерсе билишкен эмес. Ошондой болсо да, ачык жана жабык мүнөздөгү сыныктар учурунда кыргыз табыптары жараатка чалдыккан жумшак ткандардан аккан канды күйгөн кийиз менен токтотуунун өзгөчө ыкмасын билишкен. Алар жараатка күйгүзүлгөн кийиздин күлүн себип, же күйгүзүлгөн курумшуну басышса да, жараат ириндеп кеткен учурлар кездешкен эмес. Канды күйгөн курумшу менен токтотуунун дарыгерчилик ыкмалар «Манастын» саптарында чагылдырылган. Мисалы, элдик медицинада кеңири белгилүү болгон аккан канды ысык кийиз менен басып токтотуу жана териге отургузуу тууралуу *Ч.* Валиханов жазып алган текстте мындайча баяндалат:

Каапырдын каны Жолойдун

Жаагынан каны жыйылбай,
Кызыл суу болуп акты эле,
Жолом үйдөн кийизди
Кыйып келип жапшырды,
Аган эле болбоду
Жолум үйдө кол алып
Дагы келип жапшырды
Ошондо гана тыйылып калды дейт.
Токсон өгүз терисин
Каптап эле кийди дейт[15].

Бузук канды, же ириңди сордуруп алуу ыкмасы. «Манас» эпосунун материалдары боюнча кыргыз табыптары сүлүк курттардын, же оңконун жардамы аркасында организмдеги жаман канды, б.а. ooруган жерден кан сордуруп алуу ыкмасын жакшы билишкен. Бул максатта алар адамдын ар кайсы жерине сүлүк курттарды коюшкан.

Кыргыз табыптары чыйканды жана тикенек кирип кеткен жерди кол менен сыгып, жараттын ордун кан чыкканча ооз менен соруп, андан соң ал жерди чүпүрөк менен бекем таңып коюуну сунуш кылышкан. Дарылоонун ушундай эле ыкмалары жылаан, же уулуу курт-кумурскалар чаккан жерди дарылоодо да колдонулган. Кыргыз табыптары дарттуу адамдын денесинен бузук канды ооз менен соруп алуу ыкмасын да билишкен. Кызыл жүгүрүктү (ревматизмди) дарылоодо алар шишиктин өтө кызарып турган жерин курч устара менен бир аз тилип алып, табып оозу менен оорулуунун канын улам соруп алып, улам сорулган канды жерге түкүрүп турган. Мындай максатта табыптар өзүнүн оозу менен оорулуунун денесин байланыштырып, уйдун мүйүзүнөн жасалган атайы түтүкчөнү колдонушкан. Уйдун мүйүзүнүн курч учу кесилип салынып, атайы эмчилик мүнөздөгү түтүкчөгө айландырылган. Ooруган жерден кан алууга, канды, ириңди, денеге туруп калган желди сордуруп таштоого колдонуучу табыптардын уйдун мүйүзүнөн жасалган аспабы, түтүкчөсү **картык** деп аталган.

Картык кыргыздар арасында илгертен эле кеңири таралып, суук тийген, жел турган жерге оңко (медициалык айнек банка) сыяктуу коюлган.

Бузулган канды сордуруп алуу үчүн колдонулган картык деген аспап да «Манастын» саптарынан кездешет. «Манас» үчилтигинин «Сейтек» бөлүмүндө далысынын кечири кесилип жараланган Күлчорону табып аяш атасы Момунжан ириңдеген жарага картык коюп, таза эмес кандарды сордуруп, дарылаганы эскерилген. Картык негизги варианттарда көпчүлүк окуяларда баяндалат. Картык жөнүндө кенже эпостордо да кеңири маалымат берилет.

Түтүкчөнүн жоон жагы бузук канды соруп алуу үчүн оорулуунун денесинин курч устара менен алдын ала тилинип алган жерине орнотулган. Мүйүздүн ичке жагын оозуна салып жана аны эч кыймылдатпастан туруп, табып түтүкчө канга толмоюнча, же жетишээрлик кан алынмайынча, бузук канды соро берген. Көпчүлүк учурларда табып түтүкчөнү оозуна жакындатуу менен өз оозуна “тыгын” катары пайдаланылган кичирээк кагазды, же чүпүрөктү салып алат. Ал мүйүздүн ичиндеги абаны соруп алып, тилинин жардамы менен түтүкчөнүн ичке жагын оозундагы кагаз, же чүпүрөк аркылуу тыгындайт да, соруу процессин токтотот. Мүйүздү оозунан чыгарып, ал колу менен да тыгынды бекемдейт. Мындай вакуумдук ыкманын натыйжасында мүйүз автоматтык түрдө бузук канга толуп чыгат.

Н. Зеланд кан чыгаруунун дагы бир баёо ыкмасын эскерген. Кыргыз жана казак табыптары тууралуу кеп кылуу менен ал мындай деп жазган: «Алар өз денесине сүлүк курттарды коюшат, же жоон камыш түтүк аркылуу канды шишиктин үстүнө соруп чыгарышат»[16]. Картык колдонуу аркылуу кан чыгаруу ыкмасы казактардын, бухаралык еврейлердин, казандык татарлардын элдик медицинасында да кездешет.

Кыргыздардын илгерки көчмөн турмушунда элдик хирургия болгон. Сыныкчы-табыптарды элдик хирургдар деп атоого толук негиз бар. Сынган сөөктү сакайтуу, жөнөкөй операцияларды жасай билүү жана шак-шак, аштар, тинтүүр, шимшүүр сыяктуу жөнөкөй хирургиялык аспаптардын биздин күндөргө чейин келип жетиши мунун далили. Сөөгү сынган оорулууларга табыптар мумия ичиришкен. Бул маалыматтар ата-бабалардан азыркы мезгилдеги урпактарга чейин оозеки түрүндө жеткен. Мисалы, «Манас» эпосунда жогоруда айтылган дары заттар жана элдик дарылык ыкмалардын көпчүлүгү анын бардык варианттарында кездешет.

***Колдонулган адабияттар:***


1. *Исраилов А. Сөөктүн сыныгы жөнүндө. – Фрунзе, 1971; Мусаев Н. Оорунун пайда болушу жөнүндө илимий жана диндик көз караштар. – Фрунзе, 1971. 15-бет.*
2. *Маалымат Исраилов А. Сөөктүн сыныгы жөнүндө. – Фрунзе, 1971; Мусаев Н. Оорунун пайда болушу жөнүндң илимий жана диндик көз караштар. – Фрунзе, 1971 боюнча келтирилүүдө.*
3. *Кол жазмалар фонду. 573-инв. 236-бет.*
4. *Кол жазмалар фонду. 573-инв. 236-бет.*
5 *Кушелевский В. И. Материалы для медицинской географии и санитарного описания Ферганской области. – Т. 1. – Новый Маргелан, 1890. Ферганский областной статистический комитет. – VIII. – С. 402*
6. *Орозбаков С. Манас. – Т. 1. 287-бет.*
7. *Каралаев С. Манас. – Т. 1. 130-бет.*
8 *Кол жазмалар фонду. 5187-инв. 194-бет.*
9. *Кол жазмалар фонду. 573-инв. 194-бет.*
10. *Кол жазмалар фонду. 5187-инв. 91-бет.*
11. *Мажму ат-таварих // Кол жазмалар фонду. 5114-инв. 69-бет*
12. *Кол жазмалар фонду. 573-инв. 223-бет.*
13. *Асептика (грекчеден а – жок, septikos – ириң жаратуучу) – хирургиялык операциянын учурунда жана башка жагдайларда жараатка, тканга же дененин жаралуу бөлүгүнө кирип кеткен микробдорду профилактикалоо (мисалы, медициналык инструменттер менен жабдыктарды стерилизациялоо) методу // Большой энциклопедический словарь / Под редакцией А. М. Прохорова. – М.: Научное издательство «Большая Российская энциклопедия»; СПб.: «Норинт», 1998. – С. 75.*
14. *Антисептика (грекчеден anti – каршы, septikos – ириң жаратуучу) – химиялык (антисептикалык каражаттар), же биологиялык методдор аркылуу патогендүү микробдорго таасир берүү менен инфекциялуу жарааттарды жугузууну жана аларды дарылоону алдын алган метод. Бул ыкма 1867-жылы Дж. Листер тарабынан сунуш кылынган // Большой энциклопедический словарь / Под редакцией А. М. Прохорова. – М.: Научное издательство «Большая Российская энциклопедия»; СПб.: «Норинт», 1998. – С. 57.*
15. *Кол жазмалар фонду. 5187-инв. 99-бет.*
16. *Зеланд Н. Киргизы. Записки западно-сибирского отделения Русского географического общества. – 1885. – Книга 7. - № 2. – С.76.*